**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ**

# ТАРЫХ

Жалпы билим берүү уюмдарынын
6–12-класстары үчүн

**БИШКЕК – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

**Иманкулов Муратбек Калматович –** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы (жооптуу).

**Элебесова Айгүл Бейшенакуновна –** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович –** тарых илимдеринин кандидаты, Чүй облустук мектеп-гимназиясынын директору.

**Молдожунусов Кыргыйбек** – Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Бегималы Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

**Рецензенттер:**

**Асипбаева Майрам Бейшенакуновна –** тарых илимдеринин кандидаты, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин доценти.

**Абдыкадырова Гүлай Шариповна –** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Болот Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.

**Орозбек кызы Гүлгаакы –** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Жусуп Турусбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.

«Тарых» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

«Тарых» предметтик стандарты жалпы билим берүү мектебинде тарыхты окутуунун максаттарын, милдеттерин, мазмунун жана натыйжаларын аныктайт. Ал окуу программаларын, окуу китептерин жана башка окуу-методикалык материалдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болот. «Тарых» предметтик стандартында тарых предметинин концепциясы, жалпы билим берүү баскычтары боюнча түзүмү жана мазмуну: башталгыч, орто, жогорку (профилге даярдоо/профилдик); мазмундук багыттар, предметтик компетенттүүлүктөр, күтүлүүчү натыйжалар, окуу процессин уюшуруу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу: методдор, талаптар, критерийлер (окуучунун ролу жана мугалимдин ролу), окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана сабакты ресурстук жактан камсыздоо сыяктуу негизги мазмундук багыттары берилди.

Жалпысынан, «Тарых» предметтик стандарты окуучулар үчүн тарыхты өздөштүрүүнү кызыктуу жана маани-маңыздуу кылууга, алардын инсандык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн шарттоого багытталган.

## МАЗМУНУ

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ............................ 3
II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР.................................................................... 5
III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР ........................................................................................ 6
IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ/ТЕХНОЛОГИЯСЫ ............................................. 11
V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО................................ 13
VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО КАРАТА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР .......................... 19
VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ ............. 20

## I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Мектепте тарыхты окутуунун азыркы абалына талдоо жүргүзүү аны өлкөнүн XXI кылымдагы керектөөлөрүнө ылайык келтирүү зарылдыгын көрсөтөт. Биздин доордо коомдун интеллектуалдык потенциалы анын прогрессивдүү өнүгүшүнүн аныктоочу фактору болуп калды, ал эми билим берүү прогресстин жана мамлекеттин улуттук коопсуздугунун кепилдиктеринин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү деңгээлдери үчүн «Тарых» предметтик стандарты — окуучулардын гендердик өзгөчөлүктөрүнө жана ар кандай социалдык тажрыйбаларына жараша билимдерди өздөштүрүү жыйынтыктарын, аларга жетүүнүн жана өлчөөнүн жолдорун предметтин чегинде жөнгө салуучу документ.

**Тарых предметинин концепциясы — *бул жалпы билим берүү уюмдарында тарыхты окутуунун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, түзүмүн жана методдорун аныктоочу көз караштардын жана принциптердин, негизги түшүнүктөрдүн жана терминдердин системасы.*** Ал окуу-методикалык комплексин, эң негизгиси, окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгууда, ошондой эле окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо жетекчиликке алынууга тийиш.

Мектептик жалпы билим берүүнүн фундаменталдуу милдеттеринин бири дүйнөгө өз ара байланыштагы бирдиктүү бир бүтүндүк катары караган көз карашты калыптандыруу болгондуктан, «Тарых» интеграцияланган предметинин өзөгүн адам проблемасы, анын дүйнөгө болгон цивилизациялык баалуулук мамилеси жана «адам – коом – цивилизация» тутумундагы окуу ишмердүүлүгү түзөт.

Азыркы учурда тарыхый билим берүү:

- улуттук тарыхты өздөштүрүүнүн артыкчылыктуулугу,
- аны дүйнөлүк өнүгүү контекстинде өздөштүрүү,
- үзгүлтүксүз билим берүү системасын өнүктүрүүнүн алкагында тарыхый билим берүүнүн деңгээлдеринин ортосундагы уланмалуулук,
- инклюзивдик, объективдүү жана натыйжалуу билим берүү чөйрөсүнүн түзүлүшүн, гендердик жана социалдык коопсуздукту шарттоочу гендердик сезимталдуулукту жана дискриминацияга каршы принциптерди өздөштүрүүнүн зарылдыгы,
- тарыхый билим берүүнүн тарбиялык ролун жогорулатуу сыяктуу өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт.

**Мектептик тарыхый билим берүүнүн башкы максаты — *мектеп окуучуларында евразиялык мейкиндиктин бир бөлүгү катары Кыргызстандын тарыхый-маданий өнүгүүсү жөнүндө комплекстүү жана көп кырдуу түшүнүктү, мекенчилдикти калыптандыруу, нарк-насилдик, адеп-ахлактык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, маданий мурастарды урматтоону жана көп маданияттуу, глобалдашкан дүйнөдө жашоо үчүн зарыл болгон компетенцияларды, гендердик сезимталдуулукту, социалдык теңчиликти жана жарандык идентүүлүктү калыптандыруу.***

***1-таблица.* Мектептик тарыхый билим берүүнүн негизги милдеттери**

| | |
|---|---|
| **Таанып билүүчүлүк чөйрөдө** | Окуу ишмердүүлүгүндө окуучуларды өз алдынчалыкка тарбиялоо, сабактан тышкаркы маалымат булактарынан өз билимин өз алдынча толуктоо жана ар кандай тарыхый булактарга сынчыл көз караш менен баа берүү жөндөмүн өнүктүрүү. |
| | Окуучуларды өз алдынча билим алууга же келечектеги кесиптик багытын аң-сезимдүүлүк менен тандап алууга даярдоо. |
| | Окуучулардын тарыхый билимдерин көп маданияттуу коомдо адамдар менен өз ара мамиле түзүүдө колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу. |
| **Жүрүм-турумдук чөйрөдө** | Өз элинин тарыхын дүйнөлүк маданияттын ажырагыс бөлүгү катары кадырлап-барктаган, Ата Мекенинин тарыхый тагдыры үчүн өз жоопкерчилигин туюп-сезген аң-сезимдүү мекенчил инсандарды тарбиялоо. |

| | |
|---|---|
| | Окуучулардын башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына толеранттуу мамиле жасоо, гуманизмдин идеяларын кабылдоо, адам укуктарын урматтоо мамилесин калыптандыруу. |
| | Окуучуларда үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарын урматтоо мамилесин, табиятты сүйүү, өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгынын баалуулугун таануу, дүйнөнү кабылдоодогу оптимизмди калыптандыруу. |
| **Сезимталдык-баалуулук чөйрөдө** | Окуучуларда улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, адептик сапаттарга ээ болгон, бирдиктүү мамлекетке интеграциялanууга даяр болгон «Кыргыз жараны» иденттүүлүгүн калыптандыруу. |
| | Өткөндөгү жана азыркы учурдагы коомдун жана адамзаттын социалдык, рухий жана адептик тажрыйбасына ой жүгүртүү аркылуу окуучулардын баалуулук багыттарын жана ынанымдарын калыптандыруу. |
| | Көз караштык мамилелердин ар түрдүүлүгүн эске алуу менен, окуучулардын ой-пикирди жана ишенимди эркин тандоо укугун жүзөгө ашыруу; окуучуларды гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо. |

**Тарыхый билим берүүгө цивилизациялык мамиле**

Окутуу жана тарбиялоо процессинде тарых өзгөчө орунду ээлейт. Илим катары ал универсалдуу, анткени адамзаттын жашоосунда болуп жаткан окуялардын, фактылардын жана тенденциялардын көп түрдүү моделдерин өздөштүрүүнү шарттайт. Тарых мектеп окуучусунун инсандык сапаттарын, мекенчилдик сезимдерин калыптандырат. Окуучунун жеке социалдык тажрыйбасын эске алуу менен, азыркы учурдагы тез өзгөрүлмө дүйнөдө жашоого даярдайт.

Тарыхый билим берүүгө *цивилизациялык мамиле* — бул кыргыз элинин жана жалпы эле чыгыш элдеринин тарыхый өнүгүү жолдорун батыштын үлгүлөрүнө окшоштурууга умтулбай, алардын өз өзгөчөлүктөрүн эске алып, өздөрүнүн дүйнөтаанымына, баалуулуктарына жана салттарына таянууну, ошондой эле байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый жолундагы улануучулукту сактоону болжолдойт.

Тарых боюнча предметтик билим берүү стандарты билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын, дидактиканын принциптерине негизделет.

Ошону менен катар эле Кыргыз Республикасынын тарыхы цивилизациялык мамилеге ылайык өздөштүрүү принциптерине таянат.

***2-таблица.*** **Кыргызстандын тарыхын цивилизациялык мамилеге ылайык өздөштүрүү принциптери**

| | |
|---|---|
| **Цивилизациялык плюрализм** | Тарыхты «европалык прогресс» көз карашы боюнча эле эмес, *көчмөндөр цивилизацияларынын көз караштары* боюнча да өздөштүрүү. |
| | Кыргызстандын аймагын Борбордук Азиядагы *көчмөн түрк элдеринин цивилизациясынын борборлорунун бири* катары көрсөтүү. |
| | Кыргызстандын глобалдык байланышка интеграциялануусу: ар түрдүү цивилизациялардын таасирлери жана кыргыздардын *цивилизациялык иденттүүлүгүнүн* сакталышы. |
| | Цивилизациялык плюрализмди түшүндүрүүдө *гендердик ролдорго да көңүл бурулуп, тарыхый мисалдарда аялдардын салымдарынын* камтылышы. |
| **Хронологиялык синхрондоштуруу** | Убакыт менен мейкиндиктин өз ара байланышы: *узак мөөнөттүү процесстерге*, географияга жана маданиятка көңүл буруу. |
| | Кыргызстандын тарыхын доорлорго бөлүүдө формациялык ыкмадан баш тартып, *цивилизациялык ыкманы* же/жана башка жолдорду колдонуу. |

| | |
|---|---|
| **Тарыхый циклдүүлүк** | Кээ бир элдерди артта калуучу кылып көрсөткөн «прогресс» идеясынан баш тартуу жана ар түрдүү цивилизациялардын тарыхый өнүгүү жолдорун көрсөтүүчү *тарыхый айлампа теориясына* басым жасоо. |
| | «Европалык эмес элдердин артта калуучулугу» түшүнүгүн четке кагуу жана көчмөндөр цивилизациялары социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн *өзгөчө моделдери* экендигин таануу. |
| | Цивилизациялардын тарыхый өнүгүү жолдорун «прогрессивдүүлүк» же «артта калуучулук» дебестен, *цивилизациялык идентүүлүгүнө* жараша баалоо. |
| | Өлкөнүн экономикалык өнүгүү тарыхында «кубалап жетүүчү жана ашып кетүүчү өнүгүү» концепцияларынан башка дагы идеялардын бар экендигин, көп түрдүүлүгүн таануу. |
| **Альтернативдүү тарыхый булактарды пайдалануу** | Араб, кытай, перс, түрк авторлорунун, ошондой эле европалык саякатчылардын жана тарыхчылардын эмгектерин өздөштүрүү. |
| | Эпосторго («Манас» ж.б.), хроникаларга, аймактын археологиялык табылгаларына таянуу; Кыргыз тарыхынын өзүнчө цивилизация катары уланмалуулугу жана бүтүндүгү. |
| | Элдик жыйын, эпос, уруу-уруктук байланыштар, көчмөндөр укугу сыяктуу ички баалуулуктарга жана институттарга багыт алуу. |
| | Байыркы эстутумду, анын мифтерин, баяндарын жана өткөн жөнүндө элестөөлөрүн колдоо. |

Бул таблицада Кыргызстандын тарыхын өздөштүрүүдө цивилизациялык мамилени колдонуунун негизги принциптери аймакка жана анын кайталангыс тарыхына мүнөздүү жалпы принциптер да, мүнөздүү өзгөчөлүктөр да баса белгиленип системалаштырылды.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында (2025) көрсөтүлгөн негизги компетенттүүлүктөр окуу предметтеринин мазмуну жана окутуу методикасы аркылуу калыптанат. Ошондуктан тарых предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланыштуу. Ал белгилүү бир чөйрөгө мүнөздүү негизги түшүнүктөрдү, принциптерди жана методдорду түшүнүүнү, ошондой эле ал билимдерди практикада колдоно билүүнү камтыйт.

**Предметтик компетенттүүлүк — *бул адамга белгилүү бир предметтик чөйрөдө натыйжалуу иш-аракет кылууга мүмкүндүк берүүчү билимдердин, билгиликтердин жана көндүмдөрдүн деңгээли.***

***3-таблица.* Предметтик компетенттүүлүктөр жана билгиликтер**

| | |
|---|---|
| **1. Хронологиялык жана картографиялык компетенттүүлүк** | Мезгилдик терминологияны колдонуп, мезгилдик бирдиктерди (жыл, кылым, биздин заманга чейин, биздин заман) аныктап, алардын ортосундагы айырмачылыктарды таба алат. |
| | Негизги окуяларды конкреттүү мезгилге шайкеш келтирет. |
| | Аталган окуяга, көрүнүшкө дал келбеген даталарды таба алат. |
| | Тарыхый картанын жардамы менен тарыхый окуяларды анализдеп, түшүндүрмө берет. |
| | Тарыхый картада орун алган шарттуу белгилерди окуй алат жана туура колдонот. |
| | Мамлекеттердин чек араларын жана алардын өзгөрүшүн контурдук картада өз алдынча көрсөтө алат. |
| **2.** | Цивилизациялардын маңызын туруктуу маданий жана тарыхый системалар катары түшүнөт. |

| | |
|---|---|
| **Тарыхый-цивилизациялык компетенттүүлүк** | Кыргыз цивилизациясынын өнүгүшүн башкалар менен (кытай, перс, түрк, ислам, христиан ж.б.) салыштырат. |
| | Ар түрдүү доорлордогу маданий, социалдык системалардын өзгөчөлүктөрүн талдай билет. |
| | Кыргыз Республикасынын цивилизациялык өнүгүүсүн дүйнөнүн башка аймактары менен салыштыра алат. |
| | Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган этностордун жана диндердин тарыхый көп түрдүүлүгүн урматтайт. |
| **3. Тарыхый-маданий компетенттүүлүк** | Кыргыз Республикасынын маданий мурасынын негизги элементтерин (адат, эпос, архитектура, искусство, дин) сүрөттөйт. |
| | Ар кандай тарыхый мезгилдердеги социалдык ченемдердин, ишенимдердин жана баалуулуктардын эволюциясын өздөштүрөт. |
| | Тарыхый билим берүүдө гендердик сезимталдуулук жана дискриминацияга каршы принциптер негизги ролду ойнойт. Алар инклюзивдик, объективдүү жана натыйжалуу билим берүү чөйрөсүнүн түзүлүшүн шарттайт. |
| | Кыргыз маданиятынын Евразия цивилизациясынын өнүгүшүнө кошкон салымын аныктайт. |

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

Цивилизациялык мамиледеги тарыхтын мазмундук багыттары цивилизациялардын бирдиктүү аракеттенүүсү аркылуу коомдун өнүгүү процесстерин, алардын эволюциясын, үзгүлтүксүздүгүн жана трансформациясын камтыйт. Мындай мамиле тарыхты узак мезгил ичиндеги маданий, социалдык, экономикалык рухий өзгөрүүлөрдү, гендердик сезимталдуулукту жана дискриминацияга каршы принциптерди камтыган татаал кубулуш катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстан тарыхына цивилизациялык мамиле кылуу менен глобалдык цивилизациялык процесстердин алкагында аймактын эволюциясын чагылдырган бир нече негизги мазмундук багыттарды аныктоого болот. «Тарых» предметинин негизги мазмундук багыттары тарыхый билимдердин ар тараптуулугун жана кең мейкиндиктүүлүгүн чагылдырып турат. Ал эми гендердик сезимталдуулук гендердик айырмачылыктар (социалдык ролдор, биологиялык жыныстан башка өзгөчөлүктөр) окуучулардын окуу учурунда сезимдерин билдирүүсүнө жана кабылдоосуна кандайча таасир эте аларын билдирет. Бул айырмачылыктар көбүнчө биологиялык эмес, социалдык-маданий ченемдерге жана стереотиптерге байланыштуу экенин түшүнүү маанилүү. Алар курстун түзүмүн жөндөөгө жардам берип, класстар арасында үзгүлтүксүз уланмалуулукту камсыз кылып, аны азыркы билим берүүнүн талаптарына шайкеш келтирет. Цивилизациялык мамиле Кыргызстн тарыхы обочолонбогон, дүйнөлүк тарыхый процесс менен байланышта жана анын бир бөлүгү катары ар тараптуу өздөштүрүлүшүнкамсыз кылат.

Тарыхый билим берүүдө гендердик сезимталдуулукту жана дискриминацияга каршы принциптерди киргизүү окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, адамдык тажрыйбанын таасирдүүлүгүн жана көп түрдүүлүгүн урматтоо сезимин калыптандырат, окуу процессинин кызыктуу, маңыздуу жана маанилүү болушун шарттайт.

***4-таблица.*** **Мектептик тарых курсунун негизги мазмундук багыттары**

| № | Багыттар | Негизги мазмуну |
|---|---|---|
| **1.** | **Цивилизациялардын эволюциясы жана тарыхый процесс** | - Кыргызстан дүйнөлүк цивилизациялардын системасында.<br>- Маданий мурастардын сакталышын баалоо.<br>- Көчмөн жана отурукташкан коомдордун өз ара мамилеси жана аракеттенүүсү.<br>- Глобалдашуу процесси жана Кыргыз Республикасынын азыркы дүйнөдөгү орду. |

| | | |
|---|---|---|
| **2.** | **Саясий система жана мамлекеттүүлүк багыты** | - Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу этаптары (конфедерация, монархиялык мамлекет (каганат, хандык ж. б.), республика).<br>- Кыргыз урууларынын коңшу мамлекеттер жана ири империялар менен өз ара мамилеси.<br>- Эгемен Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптанышы. |
| **3.** | **Социалдык-экономикалык багыт** | - Көчмөн коомдордун салттуу экономикасын өнүктүрүү (мал чарбачылык, дыйканчылык, соода, кол өнөрчүлүк).<br>- Улуу Жибек жолу жана кыргыз жери.<br>- Индустриялаштыруу жана советтик экономика.<br>- Эгемен Кыргыз Республикасынын экономикалык чакырыктары жана трансформациялары. |
| **4.** | **Маданий-цивилизациялык багыт** | - Кыргыз элинин этногенези жана анын маданий салттары.<br>- Түрк, ислам, будда жана христиан маданияттары.<br>- Ар кайсы доорлордо жазманын, адабияттын, искусствонун жана билим берүүнүн өнүгүшү.<br>- Глобалдашуу шартындагы улуттук иденттүүлүк. |
| **5.** | **Инсандык жана жарандык багыт** | - Кыргыз Республикасы дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү катары.<br>- Жарандык аң-сезимди жана тарыхый эстутумду калыптандыруу.<br>- Мекенчилдикке жана жарандык жоопкерчиликке тарбиялоо.<br>- Сынчыл ой жүгүртүүнү жана тарыхый эстутумду өнүктүрүү.<br>- Салттуу баалуулуктар жана заманбап чакырыктар. |
| **6.** | **Гендердик сезимталдуулук жана дискриминацияга каршы принциптер** | - Тарыхый билим берүүдөгү гендердик сезимталдуулук:<br>✓ кабылдоого жана чечмелөөгө таасири;<br>✓ стереотиптер жана алардын кесепеттери;<br>✓ шыктандыруу жана тартылуу.<br>- Тарыхый билим берүүдөгү дискриминацияга каршылык принциптери:<br>✓ бирдей өкүлчүлүк жана көрүнүү;<br>✓ булактарды жана баяндарды сынчыл талдоо;<br>✓ окутуунун инклюзивдик ыкмалары;<br>✓ стереотиптерди бекемдеген тилден качуу;<br>- Тарыхый билим берүүдө практикалык колдонуу:<br>✓ материалды тандоо;<br>✓ талкуулар жана дебаттар;<br>✓ долбоордук окуу ишмердүүлүгү;<br>✓ көркөм чыгармаларды жана булактарды талдоо;<br>✓ мугалимдин үлгүсү. |

## Тарых предметинин мектептик жалпы билим берүү этаптары боюнча түзүмү жана мазмуну

Мектептик тарыхый билим берүү топтомдук принциптин негизинде жүзөгө ашырылат. Бул окуу материалын бир кыйла сапаттуу өздөштүрүлүшүн шарттайт. Мектептик тарыхый билим берүүнүн топтомдук түзүмүнө ылайык республиканын орто мектептеринде тарыхый билим берүүнүн үч деңгээли белгиленген. Ага ылайык ылайык башталгыч жалпы билим берүү деңгээлиндеги окуу предмети «Тарых» деген аталыш менен берилип, окуу материалынын негизги мазмуну Кыргыз Республикасынын тарыхы боюнча аңгемелер түрүндө баяндалат. Негизги жана орто жалпы билим берүү деңгээлинде окуу предмети «Тарых» деген аталыш менен Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы курстарынын чегинде окутулат.

Мектептик тарыхый билим берүүдө «Тарых» предмети боюнча мазмундук багыттар окуу процессин уюштурууга жана ар бир класста өтүлө турган негизги темаларды жана алардын багыттарын аныктоого жардам берет.

***5-таблица.*** **Мектептик билим берүүнүн башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү деңгээлдеринде тарых предметин өздөштүрүү түзүмү**

| № | Жалпы билим берүү баскычтары | Классы | Предметтин аталышы |
|---|---|---|---|
| **1.** | Башталгыч жалпы билим берүү | 6-класс | ТАРЫХ |
| **2.** | Негизги жалпы билим берүү | 7–9-класстар | ТАРЫХ |
| **3.** | Жалпы орто билим берүү | 10–12-класстар | ТАРЫХ (базалык) |
| | | | ТАРЫХ (профилдик) |

**Башталгыч жалпы билим берүү (6-класс)**

Башталгыч жалпы билим берүү деңгээлинин 6-классында өздөштүрүлө турган «Тарых» предмети боюнча Кыргыз Республикасынын тарыхынын негиздери аңгеме түрүндө окутулат.

***6-таблица.*** **6-класста тарыхты окутуунун мазмундук багыттары**

| № | Мазмундук багыттар | Негизги темалар |
|---|---|---|
| | **Цивилизациялардын эволюциясы жана тарыхый процесс** | арых деген эмне? Тарыхый процесс деген эмне? |
| | | ивилизация: түшүнүгү, мисалдары, өзгөчөлүктөрү |
| | **Саясий система жана мамлекеттүүлүк багыты** | екен таануу жана мамлекет түшүнүгү, мамлекеттин башкаруу системасы |
| | | арыхтагы монархиялык мамлекеттер: кагандыктар, империялар, хандыктар |
| | | ыргыз Респбуликасынын өнүгүү тарыхы: автономдуу облустан эгемендүү мамлекетке карай |
| | | ыргыз Республикасынын «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» үңгүжолу |
| | **Социалдык-экономикалык багыт** | өчмөн кыргыз элинин уруулары жана уруулук түзүлүш |
| | | луу Жибек жолу жана экономикадагы мал чарбачылыктын орду |
| | | ыргызстандагы өнөр жайдын өнүгүүсү: социалисттик жана капиталисттик доорлордо |
| | **Маданий-цивилизациялык багыт** | ыргыз элинин улуттук кийимдери, тамак-аштары, эски тиричилик буюмдары жана боз үйү |
| | | ыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, каада-салттары жана ишенимдери |
| | | ыргыз жазуусу: эски битик жазмасынан азыркы колдонулган тамгаларга чейин |
| | **Инсандык жана жарандык багыт** | арыхый инсандар: белгилүү кагандар, хандар, бийлер жана баатырлар |
| | | ыргыз тарыхындагы даңазалуу акылман канайымдар жана баатыр аялдар |
| | | ыргыз Республикасын түптөгөн аталар |
| | | екенчил инсандар: Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошкон этностук азчылыктардын өкүлдөрү |
| | | Кыргыз жараны» деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүү |
| **Булар маанилүү:**<br>арых предмети 6-класста Кыргызстандын тарыхы боюнча аңгемелер мүнөзүндө болуп, иллюстрациялык коштоолордун жардамы менен өздөштүрүлөт. | | |

| |
|---|
| р бир тема боюнча көрсөтмө куралдар (карта, иллюстрация, схема) колдонулат.<br>куучулардын тарыхка болгон кызыгуусун арттырууга, шыктандырууга жана негизги тарыхый түшүнүктөрдү калыптандырууга басым жасалат.<br>арыхый инсандардын ролу жөнүндө баштапкы түшүнүктөр калыптандырылат. |

## Негизги жалпы билим берүү (7–9-класстар)

Негизги жалпы билим берүү этабында окутула турган тарых предметинде адамзаттын тарыхый өнүгүү жолдору цивилизациялык мамиленин негизинде өздөштүрүлөт.

***7-таблица.*** **7–9-класстарда тарыхты окутуунун мазмундук багыттары**

| № | Мазмундук багыттар | Негизги темалар (класстар боюнча) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **-класс** | **-класс** | **-класс** |
| **1.** | **Цивилизациялардын эволюциясы жана тарыхый процесс** | Алгачкы цивилизациялардын доору: Андронов, Карасук жана Таштык маданият-тары, сак уруулары (б.з.ч. I миң жылдык) | Кыргыздын салттуу көчмөн коомунун калыптанышы: уруулук түзүлүштөрдүн күчөшү | Кыргыз Республикасынын советтик цивилизациялык моделге кириши |
| **2.** | **Саясий система жана мамлекеттүүлүк багыты** | Байыркы кыргыздардын этногенези: кытай булактарында кыргыздар жөнүндө алгачкы эскерүүлөр (б.з.ч. X, II кк.) | Кыргыздар Монгол империясы, Чагатай Улуусу жана Тимурилер учурунда | Саясий системанын трансформациясы: советтик система бузулушу;<br>көз карандысыз мамлекеттин түзүлүшү |
| | | Тан империясы менен байланыштар | Кыргыз урууларынын Жунгар хандыгы, Кокон хандыгы жана Кытай менен болгон күрөшү жана байланыштары | Кыргызстан Чыгыш менен Батыштын ортосунда: постсоветтик мейкиндиктин, Кытайдын, ислам дүйнөсүнүн жана Батыштын таасири |
| | | Тектеш түрк, араб-мусулман, жана иран-согда цивилизациялары менен байланыш | Россиянын Кыргызстанды каратып алышы | Коллективдештирүү жана индустриялаштыруу |
| | | Кыргыз кагандыгы-нын империяга айланышы (IX–X кк.) | Социалдык түзүлүштөгү өзгөрүүлөр | Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу |
| **3.** | **Социалдык-экономикалык багыт** | Көчмөн мал чарбасынын үстөмдүгү, отурукташкан жашоо элементтеринин пайда болушу | Социалдык-экономикалык турмуштагы өзгөрүүлөр | Көчмөндөрдүн салттуу жашоо мүнөзүн жоюу, отурукташкан турмушка өтүү |
| | | | Манаптык башкаруу системасынын калыптануусу | Базар экономикасына өтүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Глобалдашуу жана экономикалык чакырыктар: миграция, социалдык өзгөрүүлөр |
| **4.** | **Маданий-цивилизациялык багыт** | Байыркы кыргыз цивилизациясынын хунн, скиф-сармат жана башка ири цивилизациялар менен байланыштары | Ислам дининин кыргыздар арасында таралышы | Советтик элитанын калыптанышы, массалык сабаттуулук, илим жана массалык билим берүүнүн өнүгүшү |
| | | Ислам дүйнөсү, буддизм жана манихейчиликтин таасири | Көчмөн кыргыздардын бир бөлүгүнүн отурукташа баштышы | Урбанизациянын айрым салттуу институттарды жоготууга алып келиши |
| **5.** | **Инсандык жана жарандык багыт** | Жарандык аң-сезим, мекенчилдик жана тарыхый эс тутум | Кыргыздардын этникалык иденттүүлүгүнүн калыптанышы | Салттуу маданиятты кайра жаратуу жана жалпы жарандык иденттүүлүктү издөө |
| | | Кыргыз Республикасы дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү катары | Тарыхый окуяларга сынчыл ой жүгүртүү жана талдоо | Салттуу баалуулуктар жана заманбап чакырыктар |
| | | Кыргыз тарыхындагы даңазалуу акылман канайымдар жана баатыр аялдар | | |
| | | | | Кыргыз Республикасын түптөгөн аталар |
| | | | | Күжүрмөн эмгектери менен дазаланган апалар |
| | | | | «Кыргыз жараны» деп өзүн таануунун аң-сезимдүү түшүнүү |

**Жалпы орто билим берүү деңгээлинде тарых предмети боюнча базалык жана профилдик билим берүү моделдери**

Жалпы орто билим берүү мектебинде (10–12-класстар) тарых предмети ***базалык*** жана ***профилдик моделдер*** боюнча окутулат.

**1. Базалык модель:**

***Базалык модель*** орто мектептеги гуманитардык эмес багыттарды тандаган окуучулар үчүн тарыхый билим берүүнүн милдеттүү минимумунун негизинде түзүлөт. Анын негизги максаты — окуучуларда азыркы дүйнөнүн көрүнүштөрүнүн жана процесстеринин тарыхый шартталгандыгын түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу, курчап турган чөйрөгө карата өз позицияларын аныктоо үчүн, окуучуларды адамзаттын социомаданий тажрыйбасы, көз караштардын тарыхый жактан калыптанган системалары менен кыйла тереңирээк тааныштыруу болуп саналат.

**2. Профилдик модель:**

Жалпы орто билим берүү деңгээлинде гуманитардык багытты тандаган окуучулар тарыхты **профилдик модель** боюнча өздөштүрүшөт. Бул деңгээлде окуучулар тарабынан чыгармачылык ишмердүүлүктүн ыкмаларын кыйла терең өздөштүрүү каралат. Окуучулардын гендердик жана социалдык толеранттуулугун калыптандыра турган гендердик сезимталдуулук жана дискриминацияга каршы принциптер өздөштүрүлө турган темалар киргизилет. Тарыхты окутуу окуучулардын жеке таанып билүү кызыкчылыктарын канааттандыруу, келечектеги кесибин тандоосуна, жогорку окуу жайларга адистешүүсүнө жараша Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентинде гуманитардык багыттагы окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү белгиленет. Тарых курсунун профилдик моделдеги милдетүү минимуму Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын кирүү экзамендеринин талаптарына шайкеш келет.

### Предметтер аралык байланыштар

Кыргыз Республикасынын тарыхы менен башка предметтердин ортосундагы байланыштар окуучуларга өткөндү ар тараптуу түшүнүүгө жана тарыхый окуялар менен маданияттын, илимдин, тилдин, айлана-чөйрөнүн жана коомдун ортосундагы социалдык-экоеомикалык жана маданий байланыштарды гендердик сезимталдуулуктун жана дискриминацияга каршы принциптердин, гендердик теңчиликтин жана көп түрдүүлүктүн негизинде түшүнүүгө жардам берет.

***Кыргыз тили:*** Жазуу булактарын, хрониканы жана оозеки тарыхты тарыхый документтер катары өздөштүрүүнү шарттайт.

***Кыргыз адабияты:*** Эпостор, элдик ырлар, күүлөр жана акындык салттар тарыхый окуяларды, үрп-адаттарды, баатырлардын мүнөздөрү  чагылдырат.

***Математика:*** Математика архитектурада (күмбөз, имарат), соодада, убакытты эсепке алууда жана календарда (12 жылдык цикл) колдонулган.

***Биология:*** Табигый чөйрөнү, өсүмдүктөрдү жана фаунаны өздөштүрүү адамдар эмне жегенин, аларга жасаган мамилелерин жана кийген кийимдерин түшүнүүгө жардам берет.

***Химия:*** Металлды, булгаарыны, керамиканы, боёкторду иштетүү технологияларын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

***Искусство (көркөм өнөр жана технология):*** Салттуу колдонмо искусство, орнамент, архитектура, кол өнөрчүлүк менен байланышын, бозүйдөгү, килемдеги оймо-чиймелерди, байыркы аска сүрөттөрүн (петроглифтер) жана алардын символикасын талдоо.

***География:*** Табигый-географиялык шарттар аймактын тарыхый өнүгүшүнө тийгизген таасирин, географиялык жайгашуусун, тышкы байланыштарын, тарыхый окуялардын географиялык мейкиндикте өнүгүшүн кандайча өзгөрткөнүн түшүнүүгө жардам берет.

***Адам жана коом:*** тарыхты өздөштүрүү учурунда саясий жана укуктук системалардын, салттуу укуктун (адат), мамлекеттин жана жарандык коомдун өнүгүүсүнүн эволюциясын түшүнүүгө жардам берет.

***Чет тилдер:*** Тарыхый тексттердин котормолору, башка маданияттар (араб, кытай, перс), кыргыздар жөнүндө кытай жана араб тилдеринен которулган булактар менен таанышат.

## IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ/ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Тарыхты окутуунун методикасы жана технологиясы тарыхый өтмүштү натыйжалуу окутууга жана билимдерди өздөштүрүүгө багытталган мамилелердин, методдордун, ыкмалардын жана каражаттардын жыйындысын билдирет. Тарыхты окутуунун заманбап мамилеси бул предметти жөн гана даталардын жана окуялардын жыйындысы эмес, азыркы учурду түшүнүүнүн жана жарандык көз карашты калыптандыруунун куралы болууга умтулат.

**Тарых предметин окутууда колдонулуучу негизги методдор жана технологиялар:**

**1. Салттуу методдор**

- **Сөз жүзүндө, оозеки сыпаттоо методдору:** түшүндүрүү, аңгеме, лекция, баарлашуу. Окуучулардын байкалган ынтаасыздыгына карабастан, бул методдорду билгичтик менен колдонуу тарыхый окуялардын жана инсандардын өткөн жана азыркы жандуу бейнелери менен эмоциялык байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- **Окуу китеби жана тарыхый булактар менен иштөө:** текстти, документти, мемуарды, хрониканы талдоо. Сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн, маалымат алуу жана аны чечмелөө жөндөмүн өнүктүрөт.
- **Көрсөтмө методдор:** картаны, схеманы, таблицаны, иллюстрацияны, портретти колдонуу мейкиндиктик жана убакыттык байланыштарды түшүнүүнү жана эске тутууну шарттайт.

**<u>2. Активдүү жана интерактивдүү методдор/технологиялар</u>**

XXI кылымдын көндүмдөрү — азыркы учурда ар кандай деңгээлдерде жигердүү талкууланып жаткан өзгөчө сапаттар. Сынчыл ой жүгүртүүгө, өз ара иш-аракетте болуу жана баарлашуу жөндөмүнө, ишке чыгармачыл мамиле жасоого басым жасалууда. Бул методдор окуучуларды окуу процессине жигердүү тартууну, алардын таанып билүү жигердүүлүгүн жана өз алдынчалыгын арттырууну шарттайт.

**STREAM[стриим]-технология:** окууну жана түшүнүүнү, сынчыл ой жүгүртүүнү, изилдөө компетенцияларын жана топто иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн куралы катары бир нече предметтик тарамдарды бириктирген жаңыча окутуу технологиясы.

**Талкуулар жана талаш-тартыштар:** талаштуу тарыхый маселелерди талкуулоо, өз көз карашын далилдөө жана атаандашынын пикирин урматтоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

**Семинарлар жана тегерек отурумдар:** айрым темаларды пикир алмашуу жана өз алдынча иштөөнүн натыйжаларын чыгаруу аркылуу тереңирээк өздөштүрүү.

**Белгилүү бир кырдаалдарды талдоо (кейс методу):** чыныгы тарыхый маселелерди талдоо жана мүмкүн болгон чечимдерди издеп табуу. Аналитикалык көндүмдөрдү жана чечим кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

**Долбоордук ишмердүүлүк:** окуучулардын белгилүү бир тарыхый тема боюнча өз алдынча изилдөөсү презентация, баяндама, моделди, макетти түзүү менен жыйынтыкталат. Изилдөө билгиликтерин, пландаштыруу жана тайпада иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

**Изилдөө ыкмалары:** маселеге байланыштуу суроолорду түзүү, гипотезаларды коюу, аларды тастыктоо же жокко чыгаруу үчүн маалыматтарды издештирүү жана талдоо жүргүзүү.

**Интерактивдүү оюндар (квиз, викторина):** оюн түрүндө алар алынган билимдерди бекемдеп, предметке болгон кызыгууну арттырат.

**«Акыл чабуулу» методу:** окуучулардын предметке кызыгуусун ойготуу.

**Мультимедиалык презентацияларды түзүү:** сабактын көрсөтмөлүү болушу үчүн видео-аудиофрагменттерди, интерактивдүү карталарды жана диаграммаларды колдонуу.

**Компьютердик тесттер жана тренажёрлор:** окуучулардын билимдерин интерактивдүү текшерүү жана көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн колдонуу.

**Виртуалдык окутуу технологиясы:** тарыхый жерлерге жана музейлерге саякат.

**<u>3. Визуалдаштыруу технологиялары</u>**

**Менталдык (акыл) карталарды түзүү:** тарыхый маалыматтарды түзүмдөштүрүү жана системалаштыруу үчүн.

**Инфографика:** татаал маалыматтардын түшүнүктүү болгудай көрсөтмөлүү болушу.

**Мезгил сызыгы**: тарыхый окуялардын хронологиялык ыраатын визуалдаштыруу.

**Комикс жана скрайбинг:** тарыхый материалды түшүндүрүүнүн жолдору.

**Тарыхый фотосүрөттөрдү, каррикатураларды, плакаттарды колдонуу:** Маалымат булагы жана талдоо жүргүзүү объектилери катары.

**<u>4. Оюн технологиялары</u>**

**Ролдук жана иштиктүү оюндар:** окуучуларга тарыхый доордун абалын сезүүгө жана тарыхый каармандардын иш-аракеттеринин себептерин түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү тарыхый окуяларды же коомдук процесстерди окшоштуруп сымалдаштыруу.

**Ролдук оюндар:** тарыхый доорго чөмүлүү, тарыхый каармандардын ролдорун ойноо.

**Тарыхый окуяларды реконструкциялоо:** модель, макет түзүү, кийимдерди жасоо.

**Квесттер жана тарыхый детективдер:** тарыхый фактыларга байланыштуу баш катырмаларды жана маселелерди чечүү.

**5. Гендердик теңчилик жана инклюзивдүүлүк**

**Гендердик теңчиликти жана инклюзивдүүлүктү киргизүү** — тарыхый жалпы билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде кылдат мамилени талап кылган маанилүү милдет.

**Аны ишке ашырууга жардам бере турган негизги элементтер:** окуу материалдарынын ар түрдүүлүгү — окуу программаларына аялдардын салымдары тууралуу баяндалган тарыхый окуяларды киргизүү, гендердик ролдордун өзгөрүшүнө жана алардын коомго тийгизген таасирине талдоо жүргүзүү; жынысына, расасына жана этностук тегине карабастан, бардык окуучулардын талкууларга жана долбоорлорго жигердүү катышуусун камсыз кылуу.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

### Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин текшерүүнүн жана баалоонун түрлөрү жана критерийлери

Тарых предмети боюнча окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин текшерүү жана баалоо окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин текшерүүдө жана баалоодо алардын гендердик теңчилигин жана көп түрдүүлүгүн эске алуу жана гендердик дискриминацияга жол берилбеши маанилүү. Алардын алдын алуу механизмдери:

- ***Ачык-айкын жана туура баалоо критерийлери.***
- ***Баалоо формаларынын ар түрдүүлүгү.***
- ***Ой жүгүртүүнүн бир түрүнө эле басым жасабоо.***
- ***Мугалимдер үчүн гендердик сезимталдуулукту жогорулатуу, дискриминацияга каршы принциптер, гендердик теңчилик жана ар түрдүүлүк боюнча семинар өтүү.***
- ***Баалоонун натыйжаларына мониторинг жана талдоо жүргүзүү.***
- ***Окуудагы жетишкендиктердин өсүүсүнө жана өнүгүүсүнө басым жасоо (калыптандыруучу баалоо).***

Бул механизмдерди ишке ашыруу мектептин администрациясынан жана педагогикалык жамаатынан тынымсыз иш жүргүзүүнү жана маалымдуулукту талап кылат. Мында маселе адилеттүүлүк жана калыстык кылуу жөнүндө эле эмес, окутуунун натыйжалуулугунда да болуп жатат, анткени ар кандай дискриминацияны жоюу ар бир окуучуга өзүнүн дараметин толугу менен ачууга мүмкүнчүлүк берет.

***8-таблица.*** **Текшерүүнүн жана баалоонун түрлөрү**

| | |
|---|---|
| **озеки суроо** | абакта жеке суроолорго жооп берүү.<br>ронталдык суроолорду берүү (ордунан жооп берүү).<br>ыйынтыктоочу сабактагы оозеки жооптор.<br>искуссияларга жана дебаттарга катышуу.<br>ефератты, баяндаманы жана билдирүүнү коргоо. |
| **азуу түрүндөгү текшерүү** | есттер (тематикалык, чейректик, жыйынтыктоочу).<br>арыхый жат жазуулар (даталар, терминдер, түшүнүктөр).<br>арыхый булактар менен иштөө (талдоо, суроолорго жооп берүү).<br>аблицаларды жана диаграммаларды толтуруу.<br>арыхый темада дилбаян, очерк жана эссе жазуу.<br>онтур карталар менен иштөө. |
| **рактикалык ишмердүүлүк** | арыхый карталар боюнча тапшырмаларды аткаруу.<br>резентацияларды түзүү.<br>олдук оюндарга катышуу жана тарыхый окуяларды моделдөө.<br>олбоордук ишмердүүлүк (жеке же топтук). |
| **з алдынча иштер** | зү тандап алган тарыхый темалар боюнча баяндамаларды, билдирүүлөрдү, презентацияларды жана видеороликтерди даярдоо. |

| | |
|---|---|
| | ронологиялык таблицаларды түзүү.<br>ошумча адабияттарды жана Интернет ресурстарды талдоо. |

***9-таблица.* Баалоо критерийлери (текшерүүнүн түрүнө жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүшү мүмкүн)**

| | |
|---|---|
| **Фактылык материалдарды түшүнүү жана билүү** | егизги даталарды, окуяларды жана инсандарды билүү.<br>арыхый терминдерди жана түшүнүктөрдү түшүнүү жана билүү.<br>ебептик-натыйжалык байланыштарды түшүнүү. |
| **Маалымат менен иштөө жөндөмдүүлүгү** | арыхый булактарды талдай билүү.<br>арыхый фактыларды салыштыра билүү жана жалпылай билүү.<br>егизгилерин жана экинчи даражадагыларды ажырата билүү.<br>арыхый маалыматты сынчыл баалай билүү. |
| **Коммуникациялык көндүмдөр** | з оюн оозеки жана жазуу жүзүндө так жана туура билдирүү.<br>арыхый терминологияны колдоно билүү.<br>з көз карашын далилдей билүү. |
| **Практикалык көндүмдөр** | арыхый карта менен иштей билүү.<br>ронологиялык таблицаларды жана диаграммаларды түзүү.<br>зүнүн ишинин натыйжаларын ар кандай формада көрсөтүү. |
| **з алдынча чыгармачылык** | арыхый булактарды жана тарыхый билимдерди жаңы жагдайларда өз алдынча колдоно билүү.<br>р кандай тарыхый темалардагы тапшырмаларды демилгечилдик жана чыгармачылык менен аткаруу. |

**Баалоо системасы:**

Окуучунун жетишүүлөрүн баалоодо баллдык система, критерийлик баалоо, окуучунун портфолиосу жана башка заманбап ыкмалар колдонулушу мүмкүн.

Баалоо критерийлери окуучуларга түшүнүктүү жана так болушу керек, аларга алдын ала билдирилгени маанилүү. Ошондой эле ар бир окуучунун жетишкендиктеринин деңгээли тууралуу толук маалымат алуу үчүн текшерүүнүн түрдүү формаларын колдонуу зарыл.

## Башталгыч жалпы билим берүү (6-класс)

Тарых курсу окуучулардын тарых жөнүндө илим катары алгачкы түшүнүгүн калыптандырууга, өткөндү таанып билүүгө кызыгуусун арттырууга жана аларды негизги баскычта тарыхты өздөштүрүүгө даярдоого багытталган.

Тарых курсунун негизги максаты — ***тарыхка болгон кызыгууну ойготуу***, жөнөкөй тарыхый түшүнүктөрдү калыптандыруу жана тарых предметин андан ары өздөщтүрүүгө негиз боло турган таанып билүүчүлүк көндүмдөрдү өнүктүрүү.

Тарых курсун окутууда окуучуда тарыхый ой жүгүртүүнүн негиздери калыптандырылат, өз алдынчалыгы жана жеке жоопкерчилиги өнүктүрүлөт, жарандык-мекенчилдик сезиминин калыптанышына негиз салынат, кептик жана коммуникациялык көндүмдөрү өнүктүрүлөт ошондой эле адептик жана эстетикалык таалим-тарбияга ээ болот.

Бул багыт берүүчү тарыхый билимдерге ээ болуудагы жетишкендиктерди баалоо окуучулардын таанып билүүчүлүк жигердүүлүгүн арттырууга жана жакынкы өнүгүү зоналарын аныктоого багытталган ***калыптандыруучу мүнөздө*** болууга тийиш.

## Негизги жалпы билим берүү (7–9-класстар)

**7-класс:**

- Тарых жөнүндө илим катары, тарыхый убакыт жана тарыхый мейкиндик жөнүндө алгачкы түшүнүктөр.
- Жер планетасынын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн адамзатка чейинки өнүгүү тарыхын билүү.

- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын негизги этаптарын жана окуяларын билүү.
- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын маданий жана социалдык өнүгүүсү жөнүндөгү түшүнүктөр.
- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын турмуш-тиричиликтерин, кесиптерин жана социалдык түзүмдөрүн мүнөздөй билүү.
- Хронология, карталар, жөнөкөй тарыхый булактар менен иштей билүү.
- Базалык тарыхый түшүнүктөрдү калыптандыруу.

**8-класс:**
- X–XI кылымдардан тартып XIX кылымдын аягына чейинки негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Улуу географиялык ачылыштар, реформация, абсолютизмдин калыптанышы жөнүндөгү түшүнүктөр.
- Тарыхый окуяларды ошол кездеги адамдардын жашоосу менен байланыштыра билүү.
- Кыргызстан тарыхындагы XI–XIX кк. негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Кыргыз башкаруучуларынын ички жана тышкы саясаты, маданияттын өнүгүшү жөнүндө идеялар.
- Эң маанилүү окуялардын себептерин жана натыйжаларын талдай билүү.

**9-класс:**
- XX кылымдын башынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Дүйнөлүк согуштар, революциялар, илим менен техниканын өнүгүшү, дүйнөлүк глобалдуу маселелер жөнүндөгү түшүнүктөр.
- XX кылымдын башынан бүгүнкү күнгө чейинки окуяларга өзүнүн мамилесин аныктай билүү.

***10-таблица.* Окуулук көндүмдөрдү окуу процессине интеграциялоонун мисалдары**

| Окуу процессинде көнүгүүчү көндүмдөр | Сыпаттамасы | Ишмердүүлүктүн мисалдары |
|---|---|---|
| **Изилдөө жүргүзүү** | Маалымат булактарын табуу жана колдонуу жөндөмдүүлүгү. | Китепкана жана Интернет булактары менен иштөө. |
| **Талдоо жүргүзүү** | Маалыматты талдоо жана жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүгү. | Тарыхый окуяларды салыштырып талдоо. |
| **Сынчыл ой жүгүртүү** | Ар кандай көз караштарды жана далилдерди баалоо жөндөмдүүлүгү. | Тарыхый темалар боюнча талкуулар жана дебаттар. |
| **Коммуникация** | Оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуу көндүмдөрү. | Эссе жазуу, презентацияларга катышуу. |
| **Санариптештирүү** | Тарыхый окуяларды санариптик архивдерди колдонуу менен изилдөө.<br>Темалар боюнча мультимедиалык долбоорлорду түзүү.<br>Тарыхый окуя болгон жерди өздөштүрүү үчүн тарыхый карталарды жана маалымат системаларын колдонуу.<br>Өздөштүрүлгөн темалардын негизинде электрондук блогдорду түзүү. | |
| ***Бул көндүмдөр окуучуларга окууда эле эмес, бүткүл жашоо-турмушунда дагы жардам берип, изилдөө ишмердүүлүгүнүн жана санариптик дүйнөнүн кыйынчылыктарына даяр болушун камсыздайт.*** | | |

***11-таблица.* Баалоо жана кайтарым байланыш**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Материалдар |
|---|---|---|
| **Тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян)** | Берилген темалар боюнча тарыхый билимдерди баалоо. | Жазуу жүзүндөгү тесттер жана тапшырмалар. |
| **Долбоордук иштер** | Тарыхый билимдерди практикада колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн баалоо. | Топтук долбоорлор жана презентациялар. |
| **Оозеки баяндамалар** | Коммуникациялык жана далилдей билүү көндүмдөрүн баалоо. | Талкуулар жана дебаттар. |
| **Өзүн баалоо** | Тарыхый окуяларга өз алдынча ой жүгүртүү жана талдоо жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. | Окуудагы жетишкендиктер<br>б<br>о |

*Бул таблицалар Тарых предмети боюнча* ***окуу программаларын түзүүгө, календардык-тематикалык пландарды иштеп чыгууга*** *жана* ***окуучулардын жетишкендиктерин баалоого*** *негиз болот.*

### Жалпы орто билим берүү (10–12-класстар)

- **Базалык деңгээл:**

- Кыргыз Республикасынын жана дүйнөнүн тарыхый өнүгүүсүнүн негизги этаптары жана мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө билимдерди системалаштыруу.
- Негизги тарыхый түшүнүктөрдү жана теорияларды билүү жана түшүнүү.
- Тарыхый булактарды жана ар түрдүү көз караштарды талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.
- Тарыхый процесстерди жана алардын азыркы учур менен байланышын өз алдынча ой жүгүртүп түшүнүү жөндөмүн калыптандыруу.

- **Профилдик окутуу:**

- Тарыхтын айрым мезгилдерин жана маселелерин тереңдетип өздөштүрүү.
- Тарыхый изилдөө жүргүзүү методдорун өздөштүрүү.
- Дебат, эссе жазуу жана долбоордук ишмердүүлүк боюнча көндүмдөрдү өнүктүрүү.
- Тарых илимине жана тарыхый дисциплиналарга кесипкөйлүк багытта кызыгууну калыптандыруу.

***12-таблица.*** **Негизги көндүмдөр жана компетенциялар**

| Окуу процессинде көнүгүүчү көндүмдөр | Сыпаттамасы | Ишмердүүлүктүн мисалдары |
|---|---|---|
| **Изилдөө жүргүзүү** | Ар кандай тарыхый булактарды таба жана колдоно билүү. | Жазуу жүзүндөгү тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян), сынактар. |
| **Талдоо жүргүзүү** | Маалыматты талдоо, себептери жана натыйжалары жөнүндө тыянак чыгаруу жөндөмдүүлүгү. | Топтук долбоорлор, изилдөө иштери. |
| **Сынчыл ой жүгүртүү** | Ар кандай көз караштарды жана далилдерди баалоо жөндөмдүүлүгү. | Презентациялар, талкууларга жана дебаттарга катышуу, ролдук оюндар. |
| **Коммуникация** | Оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуу көндүмдөрү. | Аткарылган иштер жана окуудагы жетишкендиктер боюнча күндөлүк. |
| **Тарыхый маселе боюнча ой жүгүртүү** | Тарыхый маселелерди аныктоо жана талдоо жөндөмдүүлүгү. | Тарыхый, социалдык, саясий жана экономикалык маселелерди өздөштүрүү. |

***13-таблица.*** **Баалоо жана кайтарым байланыш**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Материалдар |
|---|---|---|
| **Тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян)** | Негизги темалар жана хронология боюнча билимдерди баалоо. | Жазуу жүзүндөгү тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян), сынактар. |
| **Долбоордук иштер** | Тарыхый билимдерди турмуштук практиада колдоно билүү жөндөмүн баалоо. | Топтук долбоорлор, изилдөө иштери, презентациялар, видеотасмалар. |
| **Оозеки баяндамалар** | Коммуникациялык жана далилдөө көндүмдөрүн баалоо. | Презентациялар, талкууларга жана дебаттарга катышуу, ролдук оюндарды аткара билүү. |
| **Өзүн баалоо** | Өз алдынча ой жүгүртүү жана өзүнүн эмгегине талдоо жүргүзө билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. | Аткарылган иштер жана окуудагы жетишкендиктер боюнча күндөлүк. |

*Бул таблицалар тарых предмети боюнча **окуу программаларын түзүүгө**, **календардык-тематикалык пландарды иштеп чыгууга** жана **окуучулардын жетишкендиктерин баалоого** негиз болот.*

### Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо — бул мамлекеттик билим берүү стандартында жана окуу программаларында белгиленген билим берүүнүн натыйжаларына жетишүү деңгээлин аныктоонун системалуу процесси. Баалоо билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бир катар маанилүү функцияларды аткарат.

**Окуудагы жетишүүнү баалоонун негизги функциялары:**

**Диагностикалык.** Ар бир окуучунун билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоону, ошондой эле окуудагы кемчиликтерди жана кыйынчылыктардын себептерин аныктоону шарттайт.

**Үйрөтүүчүлүк.** Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө дем берет, материалды тереңирээк өздөштүрүүгө түрткү болот, өзүн башкара билүү жана өзүн сыйлоо сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

**Тарбиялык.** Окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилени, тартипти жана максаттарга жетүүдөгү туруктуулукту калыптандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк.** Таанып билүү процессинин (ой жүгүртүү, эстутум, көңүл буруу), коммуникациялык жана жөнгө салуучу окуу иш-аракеттеринин өнүгүшүн шарттайт.

**Мониторинг.** Окутуунун жүрүшү жана натыйжалары боюнча мугалим, окуучу жана ата-энелердин ортосундагы кайтарым байланышты камсыздайт.

**Түзөтүүчүлүк.** Баалоонун жыйынтыгы боюнча мугалим окутуу ыкмаларына өзгөртүүлөрдү киргизип, окуучуларга өз убагында жардам көрсөтө алат.

**Болжолдоочулук.** Окуучунун келечектеги ийгилигин алдын ала айтууну шарттайт.

**Маалыматтык.** Окуучулардын даярдык деңгээли тууралуу мектеп жетекчилигине, ата-энелерге жана окуучулардын өздөрүнө маалымат берет.

***14-таблица.*** **Баалоонун түрлөрү**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Максаты | Методдору |
|---|---|---|---|
| **Диагностикалык баалоо** | Окуучунун билим көндүмдөрүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо. | Окуучунун күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо. | Анкеталар, тесттер, баарлашуу. |
| **Калыптандыруучу баалоо** | Окуу процессинде оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт. | Окуу процессинде теманы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо. | Тесттер, тапшырмалар (эссе, дилбаян). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Жыйынтыктоочу баалоо** | Чейректик, модулдук жыйынтыктоодо оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт. | Окуучунунн билим деңгээлин жалпылап аныктоо. | Тесттер жана сынактар. Долбоордук иштерди коргоо. |

**Баалоонун формалары:**

**Сандык баалоо:** упайлар менен көрсөтүлөт (мисалы, беш баллдык система, он баллдык система).

**Сапаттык баалоо:** окуучунун жетишүү деңгээлинин оозеки сыпатталышы (мисалы, «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «жакшыртууга муктаж».

**Критерийлик баалоо:** окуучуларга алдын ала белгилүү болгон так аныкталган критерийлердин негизинде бааланат. Бул баалоону ачык жана объективдүү кылат.

**Портфолио:** окуучунун ийгиликтерин жана жетишүүлөрүн көрсөткөн системалуу иштеринин топтому.

**Баалоо мамилелери:**

**Салттык мамиле.** Негизги басым билимдерди жана билгиликтерди сандык баалоо аркылуу тесттер жана оозеки сурамжылоолор аркылуу текшерүүгө жасалат.

**Компетенттүүлүккө негизделген мамиле.** Фактылык материалды билүү гана эмес, окуучулардын билимдерин практикалык кырдаалдарда колдоно билүү, негизги компетенцияларды (окуу-таанып билүүчүлүк, коммуникациялык, маалыматтык ж.б.) өздөштүрүүлөрү да бааланат.

**Инсанга багытталган мамиле.** Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү, окуу темпи, кызыгуулары жана шыктуулуктары эске алынат. Өзүн өнүктүрүүсүнө жана өзүн баалоосуна басым жасалат.

***Гендердик сезимталдуулук жана дискриминацияга каршы мамиле.*** Жынысына, гендердик өзгөчөлүгүнө, сексуалдык багытына жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан бардык адамдар үчүн теңчиликти жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга багытталган комплекстүү методология. Бул коомдо, уюмдарда, саясатта жана программаларда болушу мүмкүн болгон дискриминациянын жана бир жактуулуктун ар кандай формаларын аныктоого, талдоого жана жок кылууга багытталган баалоо болуп саналат.

**Баалоодогу заманбап тенденциялар:**

**Критерийлик баалоо:** баалоонун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатат.

**Баалоонун ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонуу:** окуучулардын жетишүү деңгээли жөнүндө толук маалымат алууну шарттайт.

**Окуучулардын өзүн жана өз ара баалоосун өнүктүрүү:** окутуунун натыйжалары үчүн жоопкерчиликти калыптандырууга көмөктөшөт.

**Баалоодо маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу:** натыйжаларды иштеп чыгуу жана талдоо процессин жеңилдетет, текшерүүнүн интерактивдүү формаларына мүмкүнчүлүктөрдү берет.

**Формативдик баалоо артыкчылыктуу түр катары:** окуу процессин колдоого жана кыйынчылыктарды өз убагында оңдоого багытталган.

**Буларды эске алуу маанилүү:**

- Баалоо ***адилеттүү, объективдүү жана ачык*** болушу керек.
- Баалоо критерийлери окуучулар үчүн ***так жана түшүнүктүү*** болушу керек.
- Окуучулардын жетишүүлөрүнүн толук көрүнүшүн алуу үчүн ***ар түрдүү баалоо формаларын жана ыкмаларын*** колдонуу керек.
- Баалоо билим деңгээлин аныктоого эле эмес, окуучулардын ***андан ары өнүгүүсүнө түрткү берүүгө*** да багытталышы керек.

Баалоонун жыйынтыгы боюнча окуучулар жана ата-энелер менен ***кайтарым байланыш*** милдеттүү түрдө болууга тийиш.

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО КАРАТА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

Сабакты ресурстук камсыздоо сабактын кызыктуу жана түшүнүктүү болушу үчүн билим берүү шартын түзүүдө негизги ролду ойнойт. Сабак ресурстук жактан гендердик теңчиликти жана көп түрдүүлүктү эске алуу менен, гендердик дискриминацияга жол берилбегидей камсыздалышы керектиги эске алынууга тийиш. Сабакты ресурстук камсыздоо окуучунун тарыхый окуяларды элестүү аңдап түшүнүүсүнө, булактарга талдоо жүргүзө билүүсүнө жана сынчыл ой жүгүртүүсүнө дидактикалык жардам берет. Ресурстук камсыздоо сабакты натыйжалуу өткөрүү үчүн зарыл болгон бардык материалдарды жана көрсөтмө куралдарды камтыйт. Ал сабактын темасына, максатына жана милдеттерине жараша, ошондой эле окуучулардын жаш курактарына жана даярдык деңгээлдерине жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Тарых сабагында колдонула турган ресурстардын негизги категорияларына (чындык кубулуштарынын бир кыйла жалпы касиеттерин жана байланыштарын туюндурган илимий түшүнүк) *материалдык-техникалык ресурстар, маалыматтык ресурстар жана уюштуруучулук-педагогикалык ресурстар* кирет.

### Материалдык-техникалык ресурстар

- **Карталар** (тарыхый карталар, атластар; тажрыйбалык иштер үчүн контур карталар; интерактивдүү карталар (онлайн-ресурстар).
- **Иллюстрациялар** (сүрөттөрдүн, гравюралардын, фотосүрөттөрдүн репродукциясы; схемалар, диаграммалар, таблицалар; көрсөтмө материалдар жана презентациялар).
- **Техникалык каражаттар** (компьютер, проектор, интерактивдүү доска; презентацияларды түзүү үчүн программалык камсыздоо; аудио жана видео жабдуулар (документтик фильмдерди көрүү, тарыхый жазмаларды угуу үчүн).
- **Тарыхый артефакттар** (үй буюмдарынын, курал-жарактардын, зер буюмдардын түп нускалары же көчүрмөлөрү; тарыхый курулуштардын моделдери).

### Маалыматтык ресурстар

- **Окуу-методикалык, илимий-популярдуу, тарыхый документтик басылмалар:**
  - Окуу китептери, методикалык колдонмолор, хрестоматиялар, антологиялар;
  - Тарыхый документтер (жылнаамалардын фрагменттери, жарлыктар, каттар).
  - Илимий-популярдуу адабияттар, тарыхый журналдар.
- **Электрондук ресурстар. Билим берүүчү Интернет булактары:**
  - Электрондук окуу куралдары. веб-сайттары, онлайн-энциклопедиялар.
  - Виртуалдык музейлер, тарыхый объекттердин 3D-реконструкциялары.
  - Документтик фильмдер, видеолекциялар, онлайн-курстар.

### Уюштуруу-педагогикалык ресурстар

**Методикалык материалдар:** Сабактын планы, конспекти, сценарийи. Методикалык сунуштар, дидактикалык материалдар. Тесттер, өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар

**Окуу мейкиндигин уюштуруу:** Класстын жасалгасы (тематикалык көргөзмөлөр, плакаттар). Ыңгайлуу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү. Экскурсиялар үчүн музейлерди, архивдерди жана тарыхый борборлорду аныктоо.

**Тарых сабагында ресурстарды колдонуунун мисалдары:**

- Тарыхый окуялардын географиялык багыттарын аныктоо үчүн тарыхый карталарды жана атластарды колдонуу.
- Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн тарыхый документтерге талдоо жүргүзүү.
- Тарыхый окуяларды элестетүү үчүн документтик фильмдерди көрүү.
- Тарыхый доорго сүңгүп кирүү үчүн ролдук оюндарды аткаруу.
- Тарыхый жерлерге виртуалдык экскурсияларды жасоо.
- Теманы өз алдынча өздөштүрүү үчүн презентацияларды түзүү жана долбоордук иштерди жүргүзүү.

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Тарых сабагын окууга кызыктыруучу окуу-тарбия процессин уюштуруу жана коопсуздукту камсыз кылуу — өткөндү өздөштүрүү үчүн натыйжалуу жана коопсуз шарттарды түзүүгө багытталган комплекстүү мамиле.

### Тарых сабагына кызыктыруучу жана шыктандыруучу чөйрөнү түзүү

Тарых сабагын окууга кызыктыруучу чөйрөнү түзүү — окуу-тарбия процессин уюштуруунун маанилүү багыты. Ал окуучулардын предметти тереңирээк түшүнүүгө, тарыхка кызыгуусун арттырууга, анын азыркы заман үчүн маанисин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Мына ушундай чөйрөнү түзүүгө жардам бере турган кээ бир методдор жана технологиялар:

**1. Интерактивдүү окутуу методдору/технологиялары:**

**Долбоордук ишмердүүлүк.** Окуучуларга тарыхый теманы тандап, изилдөө иштерин жүргүзүүгө, презентацияларды, ал тургай, сахналаштырууну камтыган долбоорлорду түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

**Ролдук оюндар.** Окуучулар тарыхый инсандардын же топтордун ролдорун аткара ала турган ролдук оюндарды уюштуруу ар кандай көз караштарды жана контексттерди жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

**2. Технологияны колдонуу:**

**Мультимедиа.** Тарыхый окуяларды изилдөө үчүн тасмалар, документтик программалар, санариптик аудиовидеофайлдар сериясын жана интерактивдүү тиркемелер.

**Виртуалдык турлар.** Окуучулардын музейлерге жана тарыхый жерлерге виртуалдык экскурсияга алып баруу сабакты көрсөтмөлүү жана кызыктуу кылат.

**3. Азыркы учур менен байланыштыруу:**

**Маанилүү темаларды талкуулоо.** Тарыхтын бүгүнкү күндөгү жашообузга кандай таасир тийгизерин көрсөтүү үчүн тарыхый окуяларды бүгүнкү окуялар менен байланыштыруу.

**Жолугушуу сабагы.** Өз тажрыйбасы жана билими менен бөлүшө турган адистерди же тарыхчыларды чакыруу жана тарыхтын азыркы учурдагы мааниси жөнүндө баарлашуу.

**4. Окутуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү:**

**Ачык баарлашуу.** Ар бир окуучу өз оюн жана идеяларын айта ала тургандай эркин баарлашууга жана талкуулоого түрткү берүү.

**Ырастоочу маанай.** Окуучулар өздөрүн ишенимдүү сезе тургандай жана кызыга тургандай колдоо жана урматтоо чөйрөсүн түзүү.

**Инклюзивдик мамиле.** Ар кандай топтордогу адамдардын (жынысы, этностук теги ар башкалар, мүмкүнчүлүгү чектелүүлөр, ар түрдүү диндердин өкүлдөрү, социалдык-экономикалык катмарлар ж.б.) коомдун, уюмдун же жамааттын жашоосуна эч кооптонбостон эркин катышуусуна шарт түзүү.

**Инклюзивдик маанай.** Жынысы, этностук теги, мүмкүнчүлүктөрү, диний ишенимдери, социалдык абалы ар түрдүү окуучуларга карата сабырдуулук жана урматтоо маанайын камсыз кылуу.

**5. Баалоо методдорунун көп түрдүүлүгү:**

**Чыгармачыл тапшырмалар.** Тарыхый темадагы видеолорду, блогдорду же көркөм чыгармаларды жаратуу сыяктуу баалоонун альтернативдүү формаларын сунуштоо.

**Өз ишине талдоо жүргүзүүгө шыктуулук.** Окуучуларды өздөштүргөн материал боюнча өз алдынча ой жүгүртүүгө жана талдоо жүргүзүүгө шыктандыруу. Бул алардын жетишкендиктерин билүүгө жана жакшырта турган жерлерин түшүнүүгө жардам берет. Өзүнүн кылган иштерине, жүрүм-турумуна жана башынан өткөргөндөрүнө өзү баа берүүгө, аларга өзү талдоо жүргүзүүгө кызыктырат жана шыктандырат.

**6. Коомчулуктун катышуусу:**

**Тарыхый ийримдер жана клубдар.** Окуучулар тарыхты тереңдетип өздөштүрүп, кызыгуулары менен бөлүшө турган ийримдерди жана клубдарды түзүү.

**Жергиликтүү музейлер жана архивдер менен кызматташуу.** Биргелешкен иш-чараларды жана көргөзмөлөрдү өткөрүү үчүн музейлер жана архивдер менен өнөктөш болуу.

Тарыхты өздөштүрүүгө шыктандыруучу чөйрөнү түзүү окуучулардын кызыкчылыктарын эске алган комплекстүү мамилени талап кылат. Башкысы, алар азыркыны жакшыраак түшүнүшү жана келечекти курушу үчүн аларды өткөндү билүүгө жана өздөштүрүүгө шыктандыруу зарыл.

## Окуу процессиндеги коопсуздукту камсыздоо

- **Окуу мейкиндигинин коопсуздугу:**

- **Санитардык-гигиеналык ченемдерди сактоо.** Тарых бөлмөсүндө тазалыкты, желдетүүнү жана жетиштүү жарыктандырууну камсыздоо.
- **Өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо.** Өрт өчүрүүчү жабдуулардын болушу, эвакуациялоо жолдорун билүү.
- **Жабдуулардын коопсуздугу.** Мультимедиалык каражаттардын ишке жарамдуулугун текшерүү, көрсөтмө куралдарды коопсуз жайгаштыруу.
- **Сейсмикалык коопсуздукту кароо.** Эмеректердин жана жабдуулардын туруктуулугун камсыздоо, жер титирөө учурундагы жүрүм-турум эрежелери боюнча инструктаж жана машыгууларды өткөрүү.

- **Окуу процессинин коопсуздугу:**

- **Психологиялык коопсуздук:**
- ***Урматтоо жана толеранттуулук атмосферасын түзүү.*** Дискриминациянын, бейбаштыктын, зомбулуктун ар кандай түрлөрүн болтурбоо.
- ***Талаш жана талылуу тарыхый темаларды туура талкуулоо.*** Татаал маселелерди талкуулоого, ар кандай көз караштарды берүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө жана сый баарлашууну шарттоого даяр болуу.
- ***Оор психикалык кырдаалдардын алдын алуу.*** Зордук-зомбулук, согуштар жана трагедиялар менен байланышкан татаал тарыхый окуяларды талкуулоодо окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу. Эмоциялык жеңилдетүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу.

- **Маалымат коопсуздугу:**

- ***Тарыхый булактарга сынчыл талдоо жүргүзүү.*** Окуучуларга издөө көндүмдөрүн үйрөтүү, ар кандай булактардан, анын ичинде Интернеттен алынган тарыхый маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана объективдүүлүгүн баалоо.
- ***Туура эмес маалыматтын жайылышынын алдын алуу.*** Окуучуларга фактыларды текшерүүнүн жана маалыматты жоопкерчиликтүү колдонуунун маанилүүлүгүн түшүндүрүү. Тарыхый маалыматтарда аялдардын, жаштардын, этностук же социалдык топтордун бейнелери кандай чагылдырылгандыгын талдоо.

- **Гендердик жана социалдык коопсуздук:**

- Окуучулардын физикалык жана психологиялык коопсуздугу менен бирге алардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, сезимине таасир этүүнү, гендердик жана социалдык маселеге байланыштуу өткөн жана азыркы учурдагы адилетсиздиктерди ***аңдап түшүнүүсүн өнүктүрүүчү комплекстүү мамиле***.
- ***Гендердик стереотиптерди четтетүү.*** Тарыхта болгон гендердик зомбулукка жана дискриминацияга талдоо жүргүзүү, талкуулоо үчүн коопсуз мейкиндикти камсыз кылуу.

- **Инклюзивдүүлүк жана көп түрдүүлүк коопсуздугу:**

- ***Коопсуз жана баалуу болгон чөйрө.*** Бул ар бир адам, өзүнүн айырмачылыктарына, тек-жайына жана улутуна карабастан, өзүн коопсуз сезе турган жана баалуу болгон чөйрөнү түзүү.
- ***Эки тараптуу коопсуздук.*** Бир тараптан, жынысы, этностук теги, мүмкүнчүлүктөрү, диний ишенимдери, социалдык абалы ар түрдүү окуучулар үчүн коопсуздукту камсыз кылуу жана, экинчи тараптан, инклюзивдик коопсуз чөйрөнү түзгөндөр жана колдогондор үчүн коопсуз кылуу.

- **Инклюзивдүүлүктү жана көп түрдүүлүктү сыйлоо жана коргоо** — тынымсыз күч-аракетти жана көңүл бурууну талап кылган үзгүлтүксүз процесс. Бул — ар бир адам өз дараметин ишке ашыра ала турган адилеттүү, гумандуу жана натыйжалуу коомго карай жол.

- **Инклюзивдүүлүк жана көп түрдүүлүк коопсуздугу эмне үчүн маанилүү?**

- ***Жеке жыргалчылыгы үчүн:*** өзүн коопсуз сезген жана кабыл алынган окуучулар чүнчүгөн абалга, басмырлоого, чарчап калууга азыраак дуушар болушат. Алар шыктанышып, жакшы окушат жана өздөрүн бактылуу сезишет.

- ***Окуунун натыйжалуулугу үчүн:*** көп түрдүү топтордо иштегендер чыгармачыл жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алышат. Инклюзивдик топтор кыйла туруктуу, адилеттүү жана жаңычыл болушат.

- ***Чыр-чатактын алдын алуу үчүн:*** айырмачылыктар коркунуч катары кабыл алынганда, ал чыңалууга, чыр-чатакка жана социалдык туруксуздукка алып келиши мүмкүн. Инклюзивдүүлүктүн жана көп түрдүүлүктүн коопсуздугу тынчтыкта жашоого өбөлгө болот.

- ***Адилеттүүлүк жана адам укуктары үчүн:*** бул — адам укуктарынын сакталышынын негизги — ар бир окуучу кадыр-баркка, теңдикке жана басмырлоодон эркин болууга укуктуу.

- **Мугалим өрнөк катары:**

- ***Бейтарап тилде сүйлөө.*** Мугалим стереотиптик тилден оолак болуу менен инклюзивдик жана гендердик бейтарап тилди колдонууга тийиш.

- ***Адилеттүүлүктү жана калыстыкты сактоо.*** Этностук тегине жынысына жана мүмкүнчүлүгүнө карабастан, бардык окуучуларга бирдей мамиле кылуу жана «типтүү» жоопторго же стереотиптик жүрүм-турумдарга карабастан, талкууларга бардыгы бирдей катышуусун камсыз кыдуу.

- ***Дискриминацияга жооп берүү.*** Окуучулар тарабынан гендердик басмырлоонун, бейбаштыктын же стереотиптик мамилелердин ар кандай көрүнүштөрүнө тез жана чечкиндүү түрдө жооп берүү.

- **Сабактан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүдөгү коопсуздук:**

- ***Экскурсияларды жана саякаттарды кылдат пландаштыруу.*** Мүмкүн болуучу тобокелдиктерди баалоо, көзөмөлдү камсыз кылуу, окуучуларга жүрүм-турум жана коопсуздук эрежелери боюнча көрсөтмө берүү.

- ***Тарыхый экспонаттар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоо (эгерде бар болсо).*** Морт же баалуу буюмдарга кылдат болуу боюнча көрсөтмө берүү.

### Окуу процессинин катышуучулары менен өз ара иш-аракеттер

- **Окуучулар менен:**

- ***Коопсуздук боюнча инструктаждарды үзгүлтүксүз өткөрүү.*** Окуучуларга сабакта, сабактан тышкаркы иш-чараларда жана өзгөчө кырдаалдарда жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүү.

- ***Кайтарым байланыш:*** Окуучулардын коопсуздук маселелери жөнүндө билдирүүлөрү үчүн кайтарым байланыш түзүү.

- **Ата-энелер менен:**

Пландаштырылган иш-чаралар жана коопсуздук чаралары жөнүндө маалымат берүү.

- Коопсуздукту камсыздоого ата-энелерди тартуу (мисалы, аларды экскурсияларда коштоп жүрүү).

- **Мектеп администрациясы менен:**

- Тарыхка байланыштуу иш пландарды жана иш-чараларды макулдашуу.
- Коопсуздукту камсыз кылуу муктаждыктары жөнүндө маалымат берүү.

Тарых сабагы боюнча окуу процессин натыйжалуу уюштуруу жана коопсуздукту камсыздоо өз ара байланыштуу милдеттер болуп саналат. Коопсуз жана көмөктөшүүчү окуу чөйрөсүн түзүү окуучуларда өткөндү тереңирээк аңдап түшүнүүнү, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнү жана жоопкерчиликтүү жарандык көз карашты калыптандырууну шарттайт.